**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**
**АЙДАРКЕН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙДАРКЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**Айдаркен шаардык кеңешинин 5-чакырылышынын кезексиз 10-сессиясынын**
**№16 ТОКТОМУ**

***29-июль 2025-жыл*** ***Айдаркен шаары***

**Айдаркен шаардык мэриясынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмү тарабынан жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмү тарабынан жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгынын жазма буйругу боюнча шаардык мэриянын Финансы экономика бөлүмүнүн сектор башчысы А.Надырбековдун маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, Айдаркен шаардык мэриясы тарабынан кетирилген кемчилдиктерди эске алуу менен Айдаркен шаардык кеңеши кезексиз 10-сессиясынын №10-протоколунун негизинде

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмү тарабынан жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгынын жазма буйругунда аныкталган Айдаркен шаардык мэриясы тарабынан кетирилген кемчилдиктер ордуна толтурулсун, мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн жана мындан кийин катачылыктарга жол берилбесин.

2. Каржы жана башка бузууларды жоюу боюнча көрүлгөн чаралар тууралуу маалыматтар Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмүнө жиберилсин.

3. Токтомду аткаруу жагы шаар мэри Т. Б. Бегалиевге жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы “Бюджет, экономика, каржы жана фискалдык саясат маселелери” жана “Мыйзамдуулук, укук коргоо, регламент, депутаттык мандат, сыйлыктарды берүү жана этика” боюнча туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

5. Токтомду каттоодон өткөрүү жагы областык Юстиция башкармалыгынан суралсын.

**Төрага** **А.А. Алтымышова**